# Журт башчыларынын жана дин жетекчилеринин жардамы менен адам укуктарын коргоо: Индонезиядагы Адам Укуктарына Окутуу программасын өнүктүрүү

*Автору: Машади Саид*

*Текшерген: Нэнси Пиерсон*

## Киришүү

Отуз жылдай эзүүчу жана авторитардык башкаруудан кийин, Индонезия бир аз демократиялык жана плюралисттик коомго өттү. Бирок, бул өзгөрүү узак убакытты, пландаштырууну жана аракетти талап кылды. Ошондуктан кийинки муундардын арасында өзгөрүү алып келүү ушул максатка жетүүдө аябай чечүүчү нерсе. 2000-жылы, Индонезия өкмөтү бүткүл өлкө боюнча адам укуктарын окутуу үчүн Адам укуктарын Таратуу жана Көтөрүү боюнча Улуттук Иштөө Тобун түздү (NWG). Өкмөт ушул аракетте илимий адамдар, Адам Укуктары боюнча Улуттук Комиссия, Билим берүү жана Диний Иштер боюнча Департамент менен шериктештикте жасады. Индонезия демократия өлкөмүн деп өзүн жарыялап, алдыга бара жатат. Биздин максат келечектеги муундарга мурда болуп өткөн коомчулуктагы жана энтикалык суроолорду, зомбулуктарды кайталабашына жардам берүү. Ошондуктан, адам укуктарын жалпы Индонезия коомчулугуна түшүндүрүү стратегиясы - эл арасындагы чоң жана урматтаган, өзгөрүү аылп келчү жана диний башчыларды аралаштыруу болду; жана ошондой эле мугалимдерди адам укуктары куррикулумун түзүүгө жана коомчулукка жана жеке менчик мектептерде окутууга арналды.

NWG мүчөлөрү катары, биз адам укуктары боюнча негизги окуу программасын иштеп чыгуу максатында, бардык кызыкдар адамдар менен чогуу иштеп, ал программаны билим берүү системасынын бардык деңгээлине - коомчулук, жеке менчик жана формалдык эмес секторлорго киргизүүнү көздөдүк. Бул процессте диний башчыларды бул талкууга аралаштырууда, убакыт жана аракетти аябастан, NWG алардын колдоосуна жетишип, жана алардын муктаждыктарын жана проблемаларын бириктирип, адам укуктары окутуудагы тоскоолдуктарды жеңилдетти. Натыйжада, адам укуктары баалуулуктары окуу программасына киргизилип, жарандык билим, социалдык илим, дин таануу, география, жана социология сабактарына интеграцияланды.

Бүгүнкү күндө, 400 коомдук пикир башчылары, анын ичинде коомчулук жана диний башчылар жана мугалимдер, жана ошондой эле, өкмөт жана жеке менчик мектептерде, орто эсеп менен 1,000 жарандык билим берүүдөн сабак берген мугалимдер окуудан өттү. Аларды Билим берүү Департаменти окуу программа боюнча даярдады. Андан башка дагы адам укуктары боюнча 31 регионалдык комитеттер түзүлүп, тренерлерге үзгүлтүксүз колдоо камсыз кылынды.

“Биздин аябай маанилүү максатыбыз – адам укугун коргоону таратуу, ал эми азыр анын эл аралык деңгээлде таанылганы аябай кубанычтуу нерсе. ”

—Диний Лидер

Көрсөтмө жана маалымат материалдар иштелип чыкты жана жакында жарыкка чыкмакчы. Бул материалдар Индонезиянын маданий жана диний жашоосунда, адам укуктарынын баалуулуктары талкуулайт. Алар коомчулук жана диний башчылар менен кеңеш алып, андан кийин гана чыгарылды. Анткени, адам укуктарынын баалуулуктары - бул Батыштык түшүнүктөр, жана ошондуктан Индонезия маданий жана диний баалуулуктарын кысат, деген эл арасындагы кээ бир түшүнүктөрдү жеңүү үчүн ушундай жергиликтүү элден консультация алуу керек болду. Натыйжада, бул иште бизге өз-ара түшүнүшүү пайда болуп, негизги адам баалуулуктарын эки тарап тең тааныды. Бул абдан жаңы аракет жана куррикулум болгондуктан, ар бир жаңы түшүнүктү киргизгендегидей эле, өзгөртүүлөр жана оңдоолор убакыт өткөн сайын пайда болор. Индонезия адам укуктарын окутууну киргизүү калк арасында көп баалуулуктарды өздөштүрүүнү, жана социалдаштырууну талап кылды. Мунун жыйынтыгы эми бир гана убакыт өткөн сайын билинмекчи. Студенттер (алардын ата-энелери жана калкы менен бирге) маалымат каражаттары, диний жана башка коомчулук башчылар аркылуу бул окууга көп жылдан бери аралашкандан кийин, калктын арасында зор өзгөрүүлөр пайда болмокчу. Бир кыйын жери – бул мүмкүн болушунча көп өзгөрүүнүн эффективдүү агенттерин колдонуу болду. Ал эми үзгүлтүксүз баалоо боюнча айтсак, жеке менчик жана коомчулук билим берүү системасында мугалимдер студенттерге жаңы билим берип, жаңы куррикулумдун алкагында иштешмекчи. Бул баяндамада мен кандай сабактар кандайча тандалып алыганын талкуулап, жана куррикулумду иштеп чыгууда жана жалпы адам укуктарын таратууда биз диний жана коомдук пикир башчыларга чоң ролду койгонубузду да айтып кетем.

Адам укуктары боюнча кыскача түшүнүк берүү:

**Улуттук Иштөө Тобунун ролу**

Мурдагы президент Сухартонун алдында жана анын 1998-жылы кулашынан кийин, Индонезия өкмөтүнүн адам укуктарынын сакталышы төмөн болгон жана ошол бойдон кала берди. АКШнын мамлекеттик департаментинин 2004-жылы чыккан отчетуна караганда, өкмөт дагы эле эзүүлөрдү улантып, мунун эң орчундуусу – акыркы жылдары чыккан сепаратисттик конфликттер болду. Коопсуздук күч мүчөлөрү жарандарды жана сепаратисттик күчтөрдүн мүчөлөрүн өлтүрүп, кыйнап, зордуктап, камаган кездер көп болгон, өзгөчө Aceh жана, азыраак деңгээлде, Папуа деген жерлерде. Полиция кызматкерлери кээде кылмышка күмөн адамдарды кармоодо, жана маалымат сууруп алуунун аракетинде, өтө эле ашыкча, ал тургай кээ бир учурда өлүмгө алып келчү күч колдонушкан. Андан башка болуп жаткан проблемалар – бул коррупцияга баткан сот системасы; ал адам укуктарын бузууга дуушар болгон адамдарды адилеттик менен карабайт жана мыйзам бузгандарды жазага тартпайт. Коопсуздук күчтөр мыйзамды аткаруунун ордуна, коркутуу - үркүтүү жана пара алуу жолдоруна барышат.

Жер боюнча талаш - тартыштар аябай көп адам укуктарын кордоого алып келип жатат жана көп жолу бирөөнүн менчигин кыстоо менен ажыратып алуу, ал тургай өлтүрүү жолу менен да ажыратып алуу кездери болгон.

1. Мурдагы жылдар сыяктуу эле, кээ бир тынчтык жолу менен өкмөткө каршы протестке чыккандарды “президентти мазактаган” же “өкмөткө каршы жек көрүүчүлүктү тараткан” деген күнөө менен камалып жатышат.

“Мен адам укуктары эмнеге барабар экенин эми гана түшүндүм. Чынында эле, мен мурда адам укуктарын бир гана өкот тарап эле бузат, жеке адамдар бузбайт деп ойлочу элем.”

- Жарандык билим берүү боюнча индонезиялык мугалим

Саясатчылар жана финансылык магнаттар, өздөрү жакшы көрбөгөн жаңылык агенстволоруна каршы укук жактан акция өткөрүүгө активдүү катышышкан. Бул аракет кээ бир изилдөөчү отчетторго аябай күчтүү эффект берген. Коопсуздук күч мүчөлөрү жана башка өкмөт аскерлери кээде сөз эркиндигин кысмакка алып, аларды жамандап жазган журналисттерди коркутушкан. өкмөт, бир нече жолу, чет өлкөлүк журналисттерге, конфликт жүрүп жаткан Асех, Папуа, Сулавези, жана Малуку деген жерлерге барууга тыюу салган (2002-2003-жылы).

Жалпысынан, диний топтор жана жеке адамдар тарабынан дискриминация жана кордоо болуп турат жана бийлик аларга каршы иш козгоо жөнүндө көп кебелбейт. Мисал үчүн, Ислам эсктремисттери дискотекаларга кол салуусу, (ал клубдардын ээлерин коркутуу үчүн) жана ошондой эле алардын кичинекей Ахмадия деген Ислам сектасына кол салуусу. Өкмөт болсо өкмөттүк эмес уюмдарды (НПО) кысууга алды, өзгөчө Асех жана Папуа райондорунда. Аялдар зомбулук жана дискриминацияга дуушар болуп жана ошондой эле өлкөнүн кээ бир жерлеринде аялдардын жыныстын органдарын кесүүгө да дуушар болушкан. Балдарды жыныстык жактан кордоо жана зомбулук, жана ошондой эле бала эмгегин колдонуу орчундуу проблемалар болуп келатат. Адамдарды трафик менен уурдоо мурдагыдай эле курч суроо, жана ошондой эле тулку боюнан майып адамдарды жергиликтүү элдин дискриминациялашы да улантылып жатат. Өкмөт жаңы профсоюздардын түзүлүшүнө жана иштешине уруксат берген, бирок көп учурда эмгектенүү шартынын стандарттарын сактабай, же жумучшулардын укугу бузулган кезде аны чечүүгө көңүл бурбай келатат.

Индонезияда дискриминациянын жана коррупциянын түрлөрү бекем орногон, институцияланган. Индонезиядагы энтикалык кытайлар, президент Сухартонун тушунда, өкмөт кызматтарына алынчу эмес. Андан сырткары, 1995-жылга чейин, өкмөт системасында иштегендер, анын ичинде университеттеги лекторлор, профессорлор, жана ректорлор өкмөттүн Голкар партиясына кирүүгө мажбур болушкан, жана жогорку ишке көтөрүлгөндө өзүнүн мүчөлүгү тууралуу документинин көчүрмөсүн көрсөтүүгө милдеттүү болушкан. Дискриминациянын мындай аянычтуу түрлөрү, адамдарды зордоо менен иш кылдыруусу, элге катуу таасирин тийгизди. Бул кырдаал бир аз жумшара баштады.

Азыркы Индонезия өкмөтү Адам Укуктары боюнча Улуттук Комиссия жана башка ар түрдүү институттары аркылуу чара көрүүгө аракет кылды; ага президенттин буйругу (№ 50/1993) шарт түздү. Андан кийин «Аялдарды Кыйноого каршы Комиссия» түзүлдү (президенттин буйругу № 181, 15-октябрь,1998-жыл), жана Адам укуктары боюнча Мамлекеттик Бюро, (1999-жылы), ал бара-бара «Мыйзам жана Адам Укуктары боюнча Мамлекеттик Депаратаментке» айланды. 1999-жылы, Адам укуктары боюнча № 39 мыйзам чыкты: андан кийин 2000-жылы Адам укуктарынын трибуналы боюнча № 26 мыйзам кабыл алынды. Адам укуктары жөнүндө дагы башка мыйзамдар кабыл алынып, 1945-жылы Конституцияга адам укуктары боюнча кээ бир пункттарга өзгөрүүлөр

киргизилген. Эң акырында, 1998-жылы президенттин № 129 буйругу менен чыккан 1998-2003-жыл үчүн «Индонезиянын Адам укуктары жөнүндө Улуттук Планы» 2003-жылы президенттин № 61 буйругу аркылуу жаңыланган. Айта кетчу нерсе, Сухартонун кулашы диний партиялардын жана башчылардын көбөйүүсүнө алып келди. Мындай күчтөр анын бийлигинин тушунда башкы ролду ойной алышчу эмес.

Азыр дин коомчулук жашоодо көбүрөөк ролду ойноп, күчтөнө башкады. Ошондуктан, адам укуктарынын баалуулуктарын киргизүү Индонезиянын өзгөрүп отурган диний жана маданий контекстин эске алышы керек. Ошол эле убакта, жалпы калкы арасында адам укуктары жөнүндө ар түрдүү түшүнүктөр байкалат. Бул өлкөдө иштелип чыккан жана аткарылган иштердин негизинде мындай нерсе байкалды: адам укуктарынын баалуулуктары көп элдердин көз карашында, укук коргоочулар өздөрү байыш үчүн ишешет, анткени укуктарын даңазалоонун артынан алар чоң суммадагы акчаларды алышат.

Биз калк арасында жогорулап бараткан, мусулмандардын арасында жана ошондой эле саны жагынан аз болгон элдердин арасында, алардын өздөрүнүн диний баалуулуктарын бекем тутушканын эске алып, адам укуктары окутуу процессинде диний факторлорду эске алууну, ал факторду окууга бириктирүүнү көздөдүк. Эң акырында, диний башчылардын күчтүү традициялык ролу өзгөчө күчөп кеткендей; ошондуктан, адам укуктары баалуулуктарын киргизүү тактикасында биз билим берүү аркылуу иш алпарууну эң тиешелүү деп таптык.

Учурдагы Адам укуктары боюнча Улуттук Иш-кыймыл Планы (2004-2009) көрсөтмө жана жалпы план катары чыгарылган. Ал сыйлоо, өсүү, реализация, жана адам укуктарын коргоо, анын ичинде социалдык жактан азиз келген коом мүчөлөрүн коргоо аракеттерин күчөтүүгө багытталган. Бул план адам укуктары боюнча улуттук мыйзам менен шайкеш, мыйзам жөнүндө аң сезимди көтөрүүгө, жана кедейчиликти жоюуга туура келет. Ал эми булар, улуттук өнүгүү аракетинде өзгөчө ролду ээлейт. Анын негизги программасы төмөнкү алты бөлүккө бөлүнгөн:

Адам укуктары боюнча Улуттук Планды аткаруунун институттарын орнотуу жана бекемдөө;

• Эл аралык адам укуктары боюнча инструменттердин ратификациясын даярдоо;

• Тиешелүү мыйзамдардын башка мыйзамдаргы шайкештигин (гармонизация) даярдоо;

• Адам укуктары жөнүндө аң сезимди кеңейтүү жана окутуу;

• Адам укуктарынын нормаларын жана стандарттарын иш жүзүндө колдонуу;

• Мониторинг, баалоо, жана отчет жазуу.

Улуттук Иштөө Тобундагы биздин аракетибиз “Адам укуктарын таратуу жана окутууга” максат коюп, андан ары алгы жылуу жалпы стратегиясына багытталган болчу. 2000-жылы, Индонезия өкмөтү Адам Укуктары боюнча Жалпы Директоратка жалпы мандат берди, анын негизинде бул Директорат адам укуктары боюнча проблемаларды, жана

баалуулуктарды шартка байланыштырып өзгөртүп, даңазалап, аткарып келмекчи, жана мунун Индонезиянын келечектеги муундарына формалдык жана формалдык эмес билим берүү аркылуу аткарат.

NWGнын максаты - Адам Укуктары боюнча Жалпы Директоратка адам укуктар өлкө боюнча  окуу системасына киргизүү үчүн план иштеп чыгууга жардам берүү болчу. Бул мандатты аткарууда,  NWG бекем колдоого жетишип, жана диний башчылар жана коомчулуктун ойлорун бекемдеди. Биз көздөгөн натыйжа – бул студенттергее, окууучуларга, бүткүл билим берүү системасында адам укуктарынын баалуулуктары боюнча окуу китептерин киргизип, жана бул баалуулуктарды интеграциялоо болгон.

ТАКТИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ:

**Кыйынчылыктар жана Мүмкүчүлүктөр**

Максатына жетишүү үчүн, NWG бир нече кадамдарды жасады. Мисалы, диний жана башка башчылар менен биргеликте, кеңешип, окуу программасын иштеп чыкты жана аны алга жүргүздү. NWG, катуу талкуулардан кийин, адам укуктарын жалпы Индонезия калкына киргизүү үчүн ушундай стратегияны орноштуруп, жана уюштуруп, өкмөттүн жалпы стратегиясына сунуштады:

• Коомчулуктун маалымын күчөтүп, жана жана диний башчылардын колдоосун сурап, адам укуктарынын баалуулуктарын киргизүүнүн кажети бар же жок экенин түшүнүү.

• Коомчулук жана диний башчылардын оюн, салымын бириктирип, адам укуктары боюнча окуу программасын иштеп чыгуу.

• Коомчулук жана диний башчыларды окутуп, жана мугалимдерди даярдоо.

• Улуттук түйүндү түзүп, жергиликтүү лидерлерди башкалар менен бул жөнүндө тажрыйбасын бөлүшүүгө жана шарт түзүү, жана үзгүлтүксүз колдоо камсыз кылуу.

• Борборго багытталган билим берүү системасында колдонуп, окуу программасында, коомчулук жана диний башчылардын колдоосу менен формалдык жана формалдык эмес билим берүүнү кабыл алуу.

- Коомчулук жана диний башчылардын  колдоосу менен адам укуктары баалуулуктарын канчалык деңгээлде керек экенин түшүнүү

Бирок бул ишти аткарууда бир бут тоскон кыйынчылык - бул Индонезия калкы жана ар түрдүү коомчулук башчыларынын арасында кеңири тараган, адам укуктарынын баалуулуктарын Батыштан келген баалуулуктар деп эсептөөсү. 1999-жылы өкмөт тараптан, адам укуктарынын баалуулуктары расмий түрдө киргизилип, кабыл алынгандыктан, өкмөттүн мандаты бул баалуулуктарды ар улуттуу элдин арасында жылдырууга жол берди, бирок элдерге кабыл ала турган формада, алардын маданий жана диний түшүнүктөрүн эске алган түрдө гана жылдырууга мүмкүн болчу. Бир аябай позитивдүү мүмкүнчүлүк – бул Индонезияда билим берүү системасы бирдей жана борборго багытталган (централдаштырылган) экендиги болду. Бардык жеке менчик

институттар улуттук коомчулук боюнча окуу программасын интеграциялоону талап кылат. Бул өз кезегинде, билим берүү системасында - адам укуктарынын баалуулуктарын жылдырууга эффективдүү түйүн жаратканга шарт түзөт. Эми, куррикулумда адам укуктарынын баалуулуктары сырттан импорттолуп келген баалуулуктар деген коомдук ойго түзмө-түз каккы берүүнүн ордуна, NWG Индонезия конституция (1945) жана Адам Укуктары боюнча 1999-жылы чыккан № 39 Мыйзамына туура дал келген позицияны тандады. NWG коомдук пикир башчылары, анын ичинде коомчулук жана диний башчылар, адам укуктарынын баалуулуктарын жылдырууда ийгиликтүү жана негизги адамдар экенине көзү жетти; Бирок, аларга адам укуктары жөнүндө тереңирээк билим керек экендиги айкын болду, анктени алар коом менен ар түрдүү суроолордо ортомчу болуп катышса, жана дегеле коом менен иштөө процессинде роль ойной турган болсо, бул сөссүз керек эле.

Чынында эле, коомдук пикир башчыларынын арасында адам укуктарынын баалуулуктары

туурасында, NWG көп жана түрдүү көз караштарды байкап, түшүнө алды, өзгөчө алардын

Ислам баалуулуктарын сыйлоо жана байкоо менен мамиле кылды. Биздин топ эки нерсенин

ортосунда балансты кармашы керек болчу: адам укуктары жана Ислам баалуулуктарын алга

жылдыруунун ортосунда. Биз бир аябай маанилүү суроого жооп табышыбыз керек болчу:

“Куррикулум өзү адам укуктарынын баалуулуктарын дегеле камтып өтүүгө ылайыкталган беле, же жокпу?” Акыры биз эки тилди тең айкалыштырып, адам укуктарынын да, ошондой эле диний тилди да бир нукка келтирдик. Дагы бир кыйынчылык мындай болду: бул өлкөдөгү коомчулук жана диний башчыларды жана ошондой эле миңдеген мугалимдерди кантип камтыйбыз жана окутабыз, анын ичинде дин, социология, жарандык аң сезим жана география боюнча мугалимдердин, бул баалуулуктар боюнча окутабыз. Бара-бара, бул тапшырма жергиликтүү комитеттердин негизги мандатына айланды; алар ушул максатта түзүлүп, адам укуктары окутууга үзгүлтүксүз колдоо камсыз кылышы керек болчу. Бул боюнча кийинчерээк дагы бул баяндамадан окуйсуз.

Көп коомдук пикир башчылары, NWGнин бул процесске катышууга алган чакыруу барактарын алгандан кийин, келип чурулдаган кездер болду. Алардын айтышында, Ислам баалуулуктары адам укуктарынын баалуулуктарына караганда кененирээк жана жашоодо көбүрөөк нерсени камтыйт. Биринчиден, алар эмне үчүн өкмөт адам укуктарынын баалуулуктарын баса белгилеп, коргоп, жана аткарып жатканын түшүнө албай жатышты. Экинчиден, алар Индонезияда адам укуктарын коргоонун канчалык кереги бар экенин талкуулашты, анткени алардын оюнда, бул Батыштан келген түшүнүк болчу.

Эң акырында, алар биз аларды жана диний башчыларын эмне үчүн адам укуктарынын түшүнүктөрү жөнүндө сүйлөшүүгө чакырганыбызды билгилери келишти. Бул тактиканы дагы өнүктүрүш керек, анткени Индонезияда коомчулук жана диний башчылар өзгөрүүнүн агенттери, жана алар көпчүлүк социалдык иш-аракеттерге активдүү катышышат. Алар мектептердин, ооруканалардын, жана башка институттардын ээлери,

директорлору, жана алардын оюна бүт коомчулук кызыгат жана угат; бул башчылардын коомчулукка оңой тили өтөт. Алардын жардамы адам укуктарынын баалуулуктарын ийгиликтүү жлпы системага бириктирүүдө абдан талап кылынат.

Традициялык да, Ислам философиясын да карап көрсөк, коомчулук башчыларынын таратуусу жалпыга таратуу Индонезиялыктарга тиешелүү адам укуктарынын баалуулуктарын таратууга жардам берди. Традициялык философия жана Ислам философиясынын мисалдарын келтирүү менен, биз адам укуктарын окутуу программасына киргизүүгө мүмкүнчүлүк алдык. (1-таблицаны караңыз.) Башкалар болсо, өздөрүнүн диний жана маданий салттары аларга адам укуктарын маданият жактан дагы жакшыртып, негиздеп, жана кабыл ала турган деңгээлге жеткирет, деп ойлошот. Индонезия өзүнүн маданий баалуулуктары - адам укуктарынын жылдырууну жеңилдетти. Булар - ынтымак, солидарлуулук, ага-инилик, башкаларды сыйлоо, эркиндик.

Улуттук Иштөө Тобунун ишинде болгон кээ бир кыйын кабыл алуулар.

• “Чынында, Ислам - дүйнөдө көбүрөөк тараган жана таанылган (универсалдуу) [адам укуктарынын баалуулуктарына караганда].”

• “Эгерде Исламды элдер туура аткарса, эч ким башкалардын укуктарын бузбайт болчу. Ошондуктан, адам укуктарынын баалуулуктары жөнүндө сүйлөөнүн кажети жок.”

**Таблица 1**

***Индонезиядагы философиянын жана тиешелүү адам укуктары салыштырма мисалы эки дин боюнча окуу программасын ачты: Ислам жана Христиандык***

| ДИН | АДАМ УКУКТАРЫ жөнүндө ТҮШҮНҮК | НЕГИЗГИ ИНДИКАТОР | КОМПЕТЕНЦИЯ |
|---|---|---|---|
| дин | Башкалардын ар түрдүү оюн,<br><br>динин, улутун курагын,<br><br>мүлкүн, жана жынысын сыйлоо | “Толеранттуулук” жөнүндө куранды окуп, түшүнүү | Курандагы<br><br>“эки катар ” 40-41-саптарды туура окуу<br><br>• ал саптардагы толеранттуулуктун башкаларга карата:<br><br>ар түрдүү оюна,<br><br>динине, улутуна курагына,<br><br>мүлкүнө, жана жынысына карата чыдамдуулук.<br><br>• Толеранттуу мамилени кабыл алуу маанисин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | түшүнүп, муну түшүнүү: |
| ХРИСТИАНДЫК | Башкалардын ар түрдүү оюн,<br><br>динин, улутун курагын,<br><br>мүлкүн, жана жынысын карата сыйлоо | Христиандык дилибизди жоготпостон туруп, буларды түшүнүү:<br><br>башкалардын оюн,<br><br>динин, улутун курагын,<br><br>мүлкүн сыйлоо керек, бул бардык адамдар үчүн бирдей нерсе | Христиандыкты кабыл алуу менен бирге, ошол эле кезде,<br><br>башкалардын бизден башкача<br><br>пикир-иштерин сыйлоо.<br><br>• Башкаларга карата боорукерлик, аларжын ахыбалын түшүнө билүү жана жылуу сезим (симпатия) сезе билүү.<br><br>• Христостун артынан жүргөн пенде катары, өз жашообузду туура жана таза достукта кармап, ошондой эле, жана мээримдүү мамиледе болуу. |

Биз бул шарттарды Индонезияга мүнөздүү сапаттар деп таанадык, анткени Индонезияда Мусулмандар калктын көпчүлүгүн түзөт. Андан сырткары, традициялык маданият бул жерде абдан бекем, жана диний башчылар аны Исламды алга жылдыруу максатында колдонушат. Бирок, бул тактиканы колдонуу - калың Мусулман калкы, же башка диний топтор, мисалы, пакистандыктар малайзиялыктар, бангладештер, жана филипиндер бар чөйрөдө иштеген адамдарга аябай пайдалуу. Ушул эле тактиканы каерде колдонсо болот: ар түрдүү контексттерде коомдук пикир башчыларын, алардын традициялык баалуулуктарын жана философиясын - адам укуктарын алга жылдырууга колдонсо болот. Конкреттүү айтсак, NWG бир нече мүмкүн болгон оппонентетердин альянсын өзүнүн социализация программасына кошууну туура көрдү. Альянс - бул адамдардын бирикмеси. Ал бирикмеге коомчулук жана диний башчылар - Билим берүү жана Дин департаменти жана ошондой эле конкреттүү диний лидерлер менен Илимдер Академиясында чогуу иш алпарышат.

Оппоненттердин арасында кээ бир мусулман башчылар болду; анын ичинде адам укуктарынын өзүнчө бөлүп окутпай эле койсо болот деп ойлогон дин мугалимдери бар. Бирок биздин жолубузда такай кездешкен бир тоскоолдук – бул куранда адамга керектүү бардык адам укуктарынын баалуулуктары бар деген ишеним. Мен кайрадан баса белгилешим керек, адам укуктарынын баалуулуктары Батыштан келген деген жалпы калк

арасында кенен тараган ишеним жана түшүнүк бар. Биздин алгачкы семинарыбызда, кээ бир башчылар бизди такмазалап, мынтип айтышчу: «Бардык адам укуктары силерге чейин эле Ислам баалуулуктарын ичине кирет, жана бул жерде биз үчүн жаңы эч нерсе жок», деп.

Чынында эле, кээ бир мусулман башчылар, анын ичинде дин мугалимдерди, ушуга чейин өздөрү адам укуктары түшүнүктөрүн тактап, бекемдешкен эмес, анткени алардын ою боюнча, бул Курандагы баалуулуктардан төмөнүрөөк турат. Андан сырткары, адам укуктары жөнүндө чечимдер адамзат өзү киргизген, ал эми Исламда, Куранда, ал Кудай жана анын сөзү аркылуу келген. Ошол эле убакта, диний жана маданий башчыларды бул процесске бирге алып келүү өтө деле көп кыйынчылыктарды алып келген жок. Андан сырткары, традициялык мектептерден университетте окуган мусулман башчылардын арасында ар түрдүү категориядагы адамдар бар экен (“сары китептерди” окуган, же Куран жана пайгамбар Мухамеддин 10 кылымга чейин айткандарын чечмелеген). Традициялык мектептен чыккандар Куранды чечмелөөнүн жаңы түшүнүктөрүнө көп ачылбай, ал эми университет деңгээлинде окугандар, тескерисинче, ачык аң сезим менен мамиле жасашат экен. Ошентсе да, бардыгы чакырууну кабыл алышты, көбүнчө өкмөт мандатты аткаруу үчүн. Кандайдыр бир деңгээлде, алар адам укуктарынын баалуулуктары Ислам баалуулуктарынан төмөнүрөөк деген ишенимде болуп жатышты. Биз бул критиканы эске алып, бир гана Исламдын терминологиясы менен сүйлөп, жана Ислам менен адам укуктары туура келген жерлерди баса белгилеп жаттык.

***Коомчулук жана диний башчылардын айткандарын колдонуп, адам укуктары боюнча окуу программасын иштеп чыгуу.***

Биз Индонезиянын коомчулук башчыларын, анын ичинде формалдык жана формалдык эмес башчыларды, көрдүк. Биз ***формалдык башчылар деп*** борбордук өкмөт регионалдык, райондук, суб-райондук, жана айылдын деңгээлде иштеген адамдарды эсептедик. Бул өнүгүү жана борбордук өкмөттөн келген каражаттарды иштетүүгө жоопкерчиликтүү адамдар, бирок децентрализацияга карата жол баштагандан бери, кээ бир өзгөрүүлөр болуп өттү. Бул адамдар, жалпысынан, калк урматтаган, жана ал тургай корккон адамдар. Эмнеси болсо дагы, аларды эл угат, жана өкмөт долбоорлорун аткарууга кошулушат.

Биз ***формалдык эмес башчылар*** деп кимди классификацияладык: мугалимдерди, бираз билими бар харизмалуу адамдарды, айылдын деңгээлдеги, жана ар түрдүү энтикалык топтордун башчыларды, диний башчыларды (*улама*), пенсияга чыккан аскер кызматкерлерди, өзүн-өзү коргогон спортчу топ башчыларды, традициялык эмчи-домчуларды, жана мамлекет структурасында иштегендерди. Бул “формалдык эмес башчылар” деп аталгандардын көбү НПО секторуна тиешелүү адамдар. Андан башка, бул адамдар көбүнчө диний башчылар же аялдар укуктарын жактоочулар, же активдүү мүчөлөрү же жетекчилер.

NWG диний башчылар өзгөчө көңүл буруну талап кыларын жана ар түрдүү ролду ойной аларын түшүндү. Алар ар түрдүү жактан чыккан мугалимдер. *Kyai* же *улама pesantren* де билим алышат, жана Ислам жазууларын жөнүндө окушат. Кээ бир *уламалар* - институттардын бүтүрүүчүлөрү, жана бул илимий адамдар мечиттерде жана жеке чогулуштарда кеп айтышат. Диний башчылар дагы, чиркөөлөрдү же храмдарды

башкарышат. Эң акырында, диний башчылар диний талкууларды жана социалдык-диний уюмдарды жетектешет; бул иштер  Индонезия коомуна жакшы сиңип жатат.

“Адам укуктарынын Исламга тиешеси бар […]  адам укуктарынын эң  негизги философиясы  - бул бардык адамдар тең деген приниципке таянат. Бул Исламда да эң зор билдирүү деп кабыл алынат; бир дагы адам башкалардан улуту, расасы, теги, түсү, жынысы, мүлкү же статусу жагынан жогору эмес; бардык адамдар ким экенине карабастан, тең.”

- Коомдук пикир жаратуучу Лидер

КООМЧУЛУК ЖАНА ДИНИЙ БАШЧЫЛАРДЫН КООМДОГУ РОЛУ

Коомдук пикир башчылары катары, диний илимий адамдар жана алардын пикирлери урматка ээ, жана калк аларга ишенет.  NWG бул адамдарды социализация программага кошу аябай чечүүчү ролду ойнорун түшүнүп, жана бул башчылар адам укуктарынын баалуулуктары жөнүндө кантип билдирип, окутуунун жолун издей баштады. Андан сырткары, дин Индонезиянын бүткүл социалдык жашоосуна бекем орногон, ошондуктан көпчүлүк социалдык иш-аракеттер диний сүйлөочүлөрдүн катышуусу менен өтөт; алар социалдык өнүгүүдө өзгөрүүнүн агенти катары роль ойношот. Алардын ролу - динди жаңыча түшүнүүдө, жаңы заманды сыйлоодо, жана өнүгүүдө аябай зор, анын ичинде адам укуктарынын баалуулуктарын түшүнүү жана аткаруу.

Коомчулук жана диний башчылардын маанилүүлүгүн - алардын конфликт чечүүдө катышкан мисалы даана көрсөтөт. Аларды коомчулук жана өкмөт экөө тең урматтайт, жана Амбон, Посо, жана Калимантанда болгон региондор аралык конфликттерди чечүүгө жардам беришти.

NWG бул башчыларды, алардын ийгиликтүү ролу  үчүн элдерди мобилизациялоодо колдонду; Мисалы, Индонезияда 1980-1990 жылдардын ортосунда үй-бүлөнү пландаштыруу киргизүүгө катыштырды. Чынында эле, мындай тактика бүткүл өлкө боюнча үй-бүлөнү пландаштырууну киргизүүдө колдонулган. [бул жөнүндө кененирээк ылдыйда бар: “КАНДАЙ САБАК АЛДЫК.” деген жерде].

**Таблица 2**

Убакыт:  АУну жалпыга таратуу процесси

| | **Убакыт** | **Алдыга койгон иштер** |
|---|---|---|
| ***1*** | Август 2001 | Улуттук иштөө тобу түзүлдү |
| ***2*** | Сентябрь 2001 | консультация үчүн чакырууларды жөнөтүү |
| ***3*** | октябрь - Ноябрь , 2001-жылы | Консультация |
| ***4*** | Ноябрь 13,14, 2001 | Семинар: Куррикулумду Иштеп чыгуу (1- фазасы) |
| ***5*** | Январь 10 -12, 2002 | Семинар: Куррикулумду Иштеп чыгуу (2- фазасы) |
| ***6*** | октябрь 21,22, | Семинар: Китепче чыгаруу (1- фазасы) |

| | | |
|---|---|---|
| | 2002-жылы | |
| ***7*** | июнь, 2003-жылы | Карап чыгуу: Муктаждыктарын жөнүндө баалоо Университет деңгээлинде Адам укуктарын окутуу |
| ***8*** | Август – Ноябрь, 2003 | Семинар: Китепче чыгаруу (2- фазасы) |
| ***9*** | июль 14 – 15, 2004 | Семинар: Куррикулумду Иштеп чыгуу (Университет деңгээлинде) |
| ***10*** | июль 19-21, 2004-жылы | Дин мугалимдеринин реакциясы: Мугалимдер тренингди сунуш кылышат |
| ***11*** | Август 2001-жылы андан ары | Тренерлерди Тренингден өткөрүү |

Эмне үчүн коомчулук жана диний башчылар Улуттук Иштөө Тобунун аракеттерине кошулду. Маданият жактан, мындай өкмөт баштаган орган чакыруу жөнөтсө эч ким баш тарта албайт. Анын үстүнө, өкмөттөн чакыруу алгандан кийин, мунун пайдасы кийинчерээк убакытта өз пайдасын көрсөтөт. Өз уюмунун өкүлү болуп бул нерсеге катышкан – бул сыймык эмеспи. Андан сырткары, өкмөттүн колдоосу менен, NWG алардын катышуусу үчүн транспортко, мейманканага (3 күн) жана чакан финансылык кызыкчылык түзүүнү камсыз кылды (25 доллардай).

**КАНДАЙ САБАК АЛДЫК: ҮЙ-БҮЛӨНҮ ПЛАНДАШТЫРУУ БОЮНЧА ДИНИЙ БАШЧЫЛАРДЫН МУРДАГЫ ОРТОМЧУЛУК ИШИ**

Өкмөт үй-бүлөнү программасы пландаштыруусу ийгиликтүү болушу үчүн, өкмөт биринчи ага ат койду: үй-бүлөнү пландаштыруу программасы жана үй-бүлө бакубатуулук программасы. Андан кийин өкмөт, калкты үй-бүлөнү пландаштыруу боюнча туура түшүнүк берүүгө салым кошсун деп, диний башчыларды ишке алды. Бул коомдук пикир башчылары Исламдын маанисин жаңыдан чечмелеши керек болчу. Анткени, ата-энелер өз балдарына татыктуу жашоо камсыз кылуу ниетин жана аялдар укуктарын сыйлоо жана балдарды денсоолуктуу жашоого үндөө боюнча каалоосу бар эле. Диний башчылардын бул ишке катышканын кээ бир диний башчылар биринчи кандайдыр бир шеек менен караашты, аларды дүйнөдө Мусулмандарды азайтуу үчүн Батыштык пропагандага өтүп кеткендей көрүштү. Бирок, башка диний башчылар бул чечмелөө процессине катышып, Курандагы канондорду колдонушту, анан башка башчылар алардын артынан кошулушту.

Чынында эле, Индонезияда элдер алгач жаңы түшүнүктү артка түрткөндөй болду. Бирок, бара-бара элдер бул пикирлерди кабыл алып, жана диний башчылар камсыз кылган чечмелөөлөргө кулак түрө башаташты. Бул сөздөрдө алардын өз маданиятын жана динин, ыйык Курандын конкретүү маалыматтарын таянып, карап чыгышты.

ЧАКЫРУУ, КЕ□ЕШҮҮ ЖАНА ТРЕНИНГ ПРОЦЕССТЕГИ КАДАМДАР

(ТАБЛИЦА 2)

Коомчулук башчылар тобун чакыруу үчүн, NWG узак аракет кылды. Биринчи ал чоң социалдык-диний уюмдарды билиштирди. Эки негизги мусулман уюмдары бар экен; ар бири өзүнүн окутуу шарттары менен, клиникасы, ооруканасы жана ата-энеси жок балдар

үйү бар, жана тренинг жана башка нерселерди убак-убагы менен өткөрүп турушат экен. Бул иш-аракеттер Индонезиядагы мусулман эркектердин, аялдардын, жана балдардын жашоосун дана белгиледи.

Бул алдыңкы уюмдардын арасында ар түрдүү номинациялар бар эле, алардын 40ын катышууга чакырдык. Биз аларды өздөрү тандаган, туура тапкан өкүлүн ушул семинарга жөнөтүүсүн сурандык, жана ал өкүлдөр ушул конкретүү өкмөт-баштаган процесс жөнүндө пикир бөлүшүшү керек болчу. Бардык уюмдар өкүлдөрүн жөнөтүштү. Бул ресурс-адамдар менен бирге, NWG адам укуктарынын баалуулуктарын мектептерде / университетте боюнча окуу программасына бириктирүү муктаждыгы жөнүндө сүйлөштү жана макулдашышты. Бул сабакты  куррикулумга киргизүү жөнүндө,  өзгөчө дин курстарына,  NWG бул баалуулуктарды жана Индонезиянын ар түрдүү калкы менен дүйнөнүн ортосунда жалпы байланыш түзүү мкутаждыгын түшүндүрдү. Чынында эле, демократиялык процессте, Индонезиялыктар дүйнөлүк коомчулукка кошулгандан кийин, жана бардыгыбыз, анын ичинде Индонезиянын Мусулмандары, бирдей баалуулуктарды түшүнө билсе жакшы болот эмеспи; биз муну адам укуктарынын баалуулуктары деп атап койгонбуз. Биз дагы, адам укуктарынын баалуулуктары Мусулмандарга, Христиандарга, жана буддисттерге канчалык туура келерин сүйлөштүк, анткени бул диндердин баары адам укуктарынын баалуулуктары өз диний салттарында жана ыйык китептеринде даңазалашат эмеспи. Эң акырында, NW адам укуктарын алга жылдыруу фазасыны, мугалимдердин чакырды (башталгыч жана орто мектептин мугалимдердин, жана ошондой эле университеттеги дин профессорлорун).

NWG семинардагы суроолорду, проблемаларды, жана идеяларды бириктирип, аларды жаңы окуу программасына чогултту. Демек, ушундайча, коомдук пикир башчылары адам укуктарынын баалуулуктарын бардык жарандык билим жана этика курстарына бириктирүүгө салым кошушту. Ал эми бул курстар өкмөт билим берүү системасында жана жеке менчик институттардын бардык деңгээлинде милдеттүү деп эсептелет.  NWG окуу китептерин жана адам укуктары жөнүндө аңгемелерди басмага чыгарды, жана булар башталгыч жана орто мектептериде колдонулат.

Андан кийинки стадияда,  NWG мугалимдердин, анын ичинде дин мугалимдердин (мусулман жана Христиан) пикирин сурады. Алар адам укуктарын жаңы окуу программа боюнча кандайча түшүнүшөрүн сурадык, өзгөчө, алардын диний баалуулуктарын жана билимин эске алганда. Адам укуктары Улуттук Директоратка  Билим берүү Департаменти, Диний Иштер боюнча Департамент жана жергиликтүү өкмөт менен шериктештикте иштешет. (билим берүү региондук автономия алгандан кийин, губернаторлордун жоопкерчилиги, болуп эсептелет). Ошондуктан, мугалимдерди бул процесске катыштырган оңой эле болду. Өкмөт эмгек сиңирген мугалимдерди тренинг семинарларга чакырды. Бул мугалимдер бул чакырууга аябай ыраазы болушту жана сыймык катары карашты. Андан сырткары, биз аларга жергиликтүү транспортту да камсыз кылдык.

“Ислам бул [адам укуктары] баалуулуктарын тааныйт!”

- Диний Лидер

Мугалимдерден комментарийлер жана суранычтар чогултулуп, алардын окутуу муктаждыктарына дал келди,  куррикулум 2006-жылы жаңыртылмак. Алардын арасында сунуштар болду, жана  алардын динине карабастан, ушундай тренингди бардык башка мугалимдерге да өткөрүп бергиле деп суранды. Эң акырында, бул башчылар NWGга формалдык эмес секторундагы адам укуктары тренерлер үчүн жолдомо китепти ойлонуштурууга салым кошушту.

## КООМЧУЛУК ЖАНА ДИНИЙ БАШЧЫЛАРДЫ ДАЯРДОО, АЛАР ӨЗ КЕЗЕГИНДЕ БАШКАЛАРДЫ ЖАНА МУГАЛИМДЕРДИ ДАЯРДАМАК.

1999-жылдан бери, өкмөт кенен кыймыл программасын баштап, мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бутактагы кызматкерлерге адам укуктары боюнча тренинг даярдаган. Андан кийин, бул баалуулуктарды - билим берүүнүн борборго багытталган системасы аркылуу жана  адам укуктары боюнча чет өлкөдө жана өлкө ичинде, Билим берүү министрлиги ичинде жана анын Департаментинде, өткөрулгөн тренингдер аркылуу таратууну максат койгон.. Аткаруу фазасында, коомдук пикир башчылары адам укуктарынын баалуулуктарын окушкан. Алардын арасында башталгыч жана орто мектептин, университеттин мугалимдери, коомчулук жана жеке менчик, жана коомдук пикир башчылары арасында энтикалык топтор жана саны жагынан аз коомдук катмарлар, анын ичинде диний талкуу топтору, аялдар жана бей-өкмөт уюмдар. Чынында, биз колдонгон бир кызыктырмай нерсе – бул кээ бир коомдук пикир башчыларын чет өлкөдөгү тренингдерге чакыруу болду (Австралияда, Түштүк Африкада, Швейцарияда, жана Нөрвегияда). Башкаларды өлкөнүн ичинде эле окуттук. Чет өлкөгө баргандар болсо, ал жакта адам укуктарын кандай кылышат деп көз жүгүртүп, келгенден кийин, өздөрү тренер болуп калып жатышты. Алар башка өлкөлөрдүн башчылары менен чогуу сессияларга катышып, кошумча маалымат жана түшүнүк алышты. Алар өздөрүн дүйнөнүн граждандары катары көрүшүп, кененирээк эл аралык контексте сезишти. Бул тажрыйба аларга Индонезия өкмөтүнүн алгачкы мотивациясын түшүнүүгө жардам берди - адам укуктарынын баалуулуктарын жайууда. Коомчулук жана диний башчылар жана ошондой эле диний илимий адамдар, адам укуктарын окугандан кийин, өздөрү тренер болуп чыгышты. Алар бир түйүнгө биригишип, башкаларды тренингден өткөрүүнү көздөштү. Бул түйүн мугалимдерди, полиция кызматкерлерин жана башка коомчулук башчыларды окутуудагы алардын тренингдеги жылыштарын салыштырууга шарт түзөт. NWG түзмө-түз эл аралык тренингдерде катышпаса да, ал чет өлкөдө жана Индонезияда эки тренингди  камсыз кылды.

Мусда Мудия, Диний Иштер боюнча Департаментте диний лидер болуп иштеген изилдөөчү, аялдардын уюмуна таасир эткени үчүн тандалган. Ал Нахдатул Улама (NU) деген уюмда аялдардын бөлүгү боюнча лидер. Бул уюм бир эң ири эки улуттук социалдык-диний уюмдарынын бири. Ал ошол эле кезде Жакартадагы Мамлекеттик Ислам Университетинде аспирантурада экинчи Финансы офисинде иштейт. Ал Индонезия аялдар жөнүндө изилдөө жазып чыгаруп, жана түрдүү форумдарда, семинарлар, жана семинарларда доклад жасап жүрөт.

2002-жылы, ал Швецияда үч жумалык тренерлерлерди тренингден өтүүгө катышкан. Башка 40 Индонезиялык башчылар менен бирге, Мусда Мудия төмөнкү темалар боюнча окуудан өттү:  Адам Укуктарынын Дүйнөлүк (Универсалдык) Декларациясы;, Адам Укуктарынын Дүйнөлүк (Универсалдык) Декларациясы жөнүндө № 39-мыйзам, 1999;

Ислам жана Адам укуктары; сандагы коомдук катмарлар; Индонезия Маданият жана Адам Укуктары; Адам укуктары алга жылдыруу жөнүндө тактика; Дүйнөлүк (Универсализм) жана релативизм. Бул тренингди чет өлкөдө (көбүнчө Швейцария жана Канадада) окуудан өткөн Индонезиялыктар өзү өткөрүштү.

Өзү тренингден өткөндөн кийин, Мусда NWGге кошулду. Ал азыр адам укуктарынын

түшүнүктөрүн өзүнүн NU уюмунун диний талкууларында жана семинарларына бириктирип

жүрөт. Ал гендерлик теңчилик боюнча аябай популярдуу китеп чыгарып, анын ичинде Куран

чынында, эркектерге бир эле аял алуусуна жол берери жөнүндө талкуулайт. Бул китеп

*Жакарта Пост* деген газетада алга жасалган зор кадам деп бааланды. Бул диний лидер азыр

Адам Укуктары Департаментинде тренер болуп иштөөдө. Дагы бир диний лидер, Аниса

Баслеман, чет өлкөдө ушул сыяктуу окуудан өтүп келген. Ал Жакартада Мамлекеттик

Университетте  Билим берүү и**нститутунда,** профессор болуп иштейт, жана аялдар тобу үчүн

диний талкуу жүргүзөт. Өзгөчө  Мухаммадиях тобунун ичинде; бул дагы бир улуттук

социалдык-диний уюм. 2002-жылы, ал Норвегияда өткөрүлгөн бир айлык тренинге башка 20

Индонезия башчылар менен катышты. Ал окуудан өткөн курстардын арасында булар бар

болгон: Адам укуктарынын эл аралык инструменттери (Адам Укуктарынын Дүйнөлүк

(Универсалдык) Декларациясы; (CEDAW; RCCPR); Универсалдык жана Релативизм; Адам

укуктарынын эл аралык механизмдери; Адам Укуктары Дүйнөлүк Тарыхы. Мусда

Мудиянықындай эле, бул тренинг профессор Баслеманга адам укуктары жөнүндө чет өлкөдөгү

ар түрдүү тренерлерден түрдүү перспективаларды алууга мүмкүнчүлүк берди. Андан

сырткары, бардык окугандар Адам укуктары боюнча сот системасында иштеген кызматкерлер

менен баарлашышты, анын ичинде Жогорку Сот жана ошондой эле жергиликтүү түрмөлөргө

жана түрмөдөгүлөргө барышты.

Ал жактан кайтып келгенден кийин, Профессор Баслеман жаңы билимин аялдар тобу менен болгон талкууларга байланыштырды. Ал Жакартадагы Мамлекеттик Университетте, Адам укуктарын окуунун Борборунда ачты. Бул борбордо ал адам укуктары боюнча изилдөөлөрдү бжетектейт, жана жергиликтүү өкмөт жана бей-өкмөт уюмдардын кадрларына адам укуктары жөнүндө тренинг камсыз кылат. Ана башка, ал өкмөт башталгыч жана орто мектептин мугалимдерине тренинг өтөт. Профессор Баслеман азыр адам укуктары боюнча университеттик деңгээлде куррикулум иштеп чыгууга катышып жатат. Башка Индонезия коомчулук башчылар, башка өлкөлүктөр менен бирге, чет өлкөдө тренингдерде катышышты, ошондуктан адам укуктары жөнүндө көбүрөөк түшүнүктөрдү алышты.

Натсир Зубайди, MUIнин (Индонезия уламаларынын Кеңеши) лидери Жакартада 2001-жылы адам укуктары жөнүндө окуудан өткөн. Ал ушул кеңеште ойногон зор ролу үчүн тандалган. Ал Хамка Университетинде сабак берет, бул Мухаммадия университетинин түйүнү. Ал ар түрдүү социалдык-диний чогулуштарда сүйлөйт. Натсирдин тренингдери бул темаларга байланышкан: Ислам жана Адам Укуктары, Адам Укуктары жөнүндө Дүйнөлүк (Универсалдык) Декларация, Адам укуктары мыйзамы № 39, 1999; Социалдык, Маданий жана Экономикалык Укуктар; Дискриминация; Дүйнөлүк (Универсалдык) жана релативизм; Индонезия Маданият жана Адам Укуктары;    Адам Укуктарынын Тарыхы; Адам Укуктарынын эл аралык жана Улуттук инструменттери; CEDAW; RCCPR. Окуудан өткөндөн кийин, Натсир NWGга кирди жана бул тармакта билим берүүгө киришти.

Адам укуктары боюнча окуудан өткөн адамдардын эң акыркы мисалы - бул Афдал Манкурага, Хабиби Борборунан. Ал 2003-жылы Индонезиядан келген башка 18 адам менен бирге Сиднейде, Австралияда окуган. Хабиби Борбору адам укуктары жөнүндө макалаларды басып чыгарат, жана семинарларды алпарат. Афдал андан башка, Жакартада, Мерку Буана Университетинде лекцияларды окуйт. Анын тренингдери дискриминация, социалдык, экономикалык жана маданий укуктары жөнүндө семинарларды камтыйт; Адам Укуктары боюнча Улуттук жана Эл аралык инструменттер. Ал окуусун бүтүрүп келгенден кийин, Хабиби Борборунда жана өзүнүн университетинде адам укуктары боюнча дагы улантылган семинарларды өткөрдү.

Андан сырткары, NWG дагы, окуу программасын жана окуу китептерди жазуу боюнча адамдарды даярдаш керек болчу, анткени бул инструменттер маалымат катары колдонулмакчы. Чынында эле, куррикулум иштеп чыгуу жана китепче жазуу Билим берүү Институтунун илимий эксперттери тарабынан берилген, азыр ал Жакартадагы Билим берүү Университет. Ал эми китеп жазуучулар – окуудан өткөн академиялык адамдар жана мугалимдер (анын ичинде диний).  NWG бул процессте кеңеш берип, жетекчилик кылды.

***Улуттук түйүндү түзүүгө жардам берип, анын мүчөлөрүнө бир-бири менен кеңешип, тажрыйба алмашуусуна шарт түзүп, үзгүлтүксүз колдоо.***

Пикир жана диний башчыларын окутууга кошумча, жана бул тренинг аракетти туруктуу кармап калуу үчүн, окуудан өткөндөр үзгүлтүксүз диалогго катышуу аркылуу улуттук өкмөттүк түйүн түздү. Коомчулук жана диний башчылар, улуттук адам укуктарынын Планын алкагында, жергиликтүү адам укуктарынын комитеттериш түзүштү. Ошону

менен бирге, алар билим берүү системасында, адам укуктары алга жылдырууну да аткарышты. Азыркы убакта, 31 регионалдык комитеттер иштеп жатат, жана аларга диний жана коомдук пикир башчылары кирет, өзгөчө адам укуктары алга жылдыруу боюнча окуткан мугалимдер жана профессорлор. Бул башчылар жергиликтүү башчылар даярдашы керек. Алардын аракеттери билим берүү программасы үчүн жагымдуу шартттарды түзүүсү керек. Бул процесс адам укуктарын окутуу үчүн окуу программасын түзүүгө үзгүлтүксүз жардам бермекчи. Ал программа улуттук билим берүү системасында бардык деңгээлинде, жеке менчик институттарда, жана формалдык эмес билим берүү секторунда колдонулмачы.

Ар бир жергиликтүү регионалдык комитет үчүн каражатты жергиликтүү өкмөт камсыз кылды. Бул комитеттер 2005-жылы гана түзүлгөн. Бирок, алар азыркы учурда жергиликтүү өкмөт адистерин жана тренерлерын окутушуп жатышат, жана алар NWG камсыз кылган көрсөтмө китептерди колдонуп атышат. Алар башталгыч жана орто мектеп мугалимдерин жана ошондой эле формалдык эмес башчыларды адам укуктарына окутушту. Жергиликтүү комитеттер Адам Укуктары Директоратынын борбордук комитетине отчет тапшырышты. Борбордук комитет пладаштыруу менен натыйжалардын ортосундагы келишпестиктерин чечет. Бирок, ушул эрте моментте, андан кийинки тренинг планга коюлган жок.

***Борборго багытталган билим берүү системасын колдонуп, формалдык жана формалдык эмес билим берүүдө окуу программасын түзүү, жана коомчулук жана диний башчылар колдоосу менен.***

Бардык өкмөт институттарда децентрализация саясатына карабастан, кээ бир тармактар, өзгөчө билим берүү системасы, борборго багытталган бойдон эле болуп келатат. Таблица 3 NWG менен чогуу иштеген ар түрдүү өкмөт структураларынын тизмеси келтирилген (мисалы, Адам Укуктары Директораты, Мыйзам жана Адам Укуктары Департаменти, Адам укуктары боюнча комитет, Билим берүү жана Дин Департаменттери); алар өкмөт жана жеке менчик чөйрөдө адам укуктары окутууну билим берүү системасына киргизүүдө чогуу иштешкен.

NWG Билим берүү Департаментинен алган колдоо жана контакттарды туура пайдалана алды, бул ресурска бүт өлкө боюнча мугалимдер жана башчылар колдору жетет; андан башка, Диний Иштер боюнча Департаменттен алган ресурстар, ушул Департаментте иштеген диний башчылар үчүн ачык; жана Индонезия Илимдер Академиясы, илимий жана коомдук пикир башчыларына, анын ичинде көрүнүктүү диний лидерге ачык.

Таблица 4

**АДАМ УКУКТАРЫ (АУ) БОЮНЧА КУРРИКУЛУМ:**

**УНИВЕРСИТЕТТЕ ЖАРАНДЫК ОКУУГА БИРИКТИРҮҮГӨ КУРС**

| **Негизги метод** | **Индикатор** | **Негизги материал** | **Компетенция** |
|---|---|---|---|
| Адамдын ажыраткыс (фундаменттик) | адамдын ажыраткыс (фундаменттик) | Аныктама: Адам укуктары, масштабы, | Лекциялар, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| эркиндигин<br><br>айтып берүү | эркиндигин<br><br>айтып өтүү | АУ<br><br>тарыхы, теория,<br><br>баалуулуктар, негизги<br><br>принциптер,<br><br>инструменттер жана АУ<br><br>институттары | талкуулар,<br><br>АУ<br><br>маалыматын анализдөө,<br><br>инструменттер, жана<br><br>резюмелер |
| Адам укуктарынын маанилүүлүгүн айтып өтүү | адам укуктары маанилүүлүгүн аңдоо | адам<br><br>укуктарын бузуу учурлары | Тактагыч техниканы, ийгиликтүү мисалдарды, байкоо,<br><br>жана<br><br>интервью методдорун баалай билүү |
| Адам укуктарын<br><br>алга жылдыруу,<br><br>коргоо, жана жактоо | Адам<br><br>укуктарын алга жылдыруу,<br><br>коргоо, жана<br><br>жактоо | АУну алга жылдыруу, коргоонун тактикасы<br><br>жана<br><br>улуттук<br><br>деңгээлде жактоо | Портфолио |

**Таблица 5**

**УНИВЕРСИТЕТТЕ ЮРИДИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТТЕ ОКУГАН СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН АДАМ УКУКТАРЫНЫН (АУ) КУРРИКУЛУМУ**

| **Негизги компетенция** | **Негизги Индикатор** | **Материал** |
|---|---|---|
| Адамдын ажыраткыс (фундаменттик)<br><br>эркиндигин<br><br>айтып берүү | жеке адамдын эркиндигин анализдөө; чогулуу эркиндигин айтып өтүү;<br><br>ар бир адамга тиешелүү адам укуктарын айтып өтүү | Адамдын ажыраткыс (фундаменттик)<br><br>эркиндиги |
| Адам<br><br>укуктарынын негизги аныктамасы жана | Адам укуктарына аныктама берүү; АУ терминдери анализдөө; негизги принциптерди айтып өтүү | Адам укуктарынын негизги принциптери жана аныктамасы |

| | | |
|---|---|---|
| принциптерин анализдөө | | |
| Адамдын негизги жана эркиндигин айтып берүү | Адамзаттын негизги АУ анализдөө<br><br>(UDHR); адамзаттын эң негизги (фундаменттик) эркиндигин<br><br>айтып берүү (UDHR) | Негизги укуктар/<br><br>Адамзаттын ажыраткыс (фундаменттик) эркиндиги |
| Эл аралык АУ<br><br>тарыхын жана<br><br>өнүгүүсүн айтып берүү | Баяндама: *Маалымат каражаттары жөнүндө хартия;* ***Укуктардын түрмөгү;***<br><br>*Француз Декларациясы;* ***Адам Укуктарынын Декларациясы*** | Адам укуктарынын<br><br>тарыхы жана<br><br>өнүгүүсү |
| АУну диний, маданий жана<br><br>саясий перспективада айтып берүү | АУну диний перспективада анализдөө;<br><br>АУ - маданий салыштыруу;<br><br>АУ жана эл аралык саясатта салыштыруу | Адам укуктары<br><br>диний, маданий,<br><br>жана саясий<br><br>перспективада |

Тактиканын натыйжасы жана таасири

Төрт жүз коомдук пикир башчылар окуудан өттү. Ал - коомчулук башчылар, диний башчылар, мамлекет структурасында иштегендер, илимий адамдар, полиция жана аскердик кызматкерлер болду. Мындан мурдагы тренингдер чет өлкөдө, Канадада, Норвегияда, Австралияда, Швеция, Түштүк Африкада, жана Францияда жана өлкөнүн ичинде өткөн болчу. Келечекте, биз коомдук пикир башчыларын Германия, Япония жана Египетте өтчү эл аралык тренингдерга катыштырууну пландаштырып жатабыз. Ал тренерлер кайтып келгенден кийин, алар өз коомчулугунда адам укуктары боюнча расмий тренерлер болуп чыгышмакчы.

Адам укуктары жана тренинг боюнча диний башчылар, окуу программасын иштеп чыгууда зор ролуна карабастан, социализация программасын алга жылдырууда катышууга алар милдеттүү эмес болчу. Чынында эле, өзүнүн коомчулук билдирүүлөрүндө, Индонезия өкмөтү бир дагы конкретүү динге кайрылган эмес.

Конкретүү мисал  катары, диний лидер мындай деп сунуш кылган: дин класстарында окуу программасына адам укуктарынын баалуулуктарын киргизиш керек, бирок ошол эле кезде адам укуктары терминологиясын колдонбош керек. Мисал үчүн: «жашоого болгон укук» деген сөздүн ордуна, маданият жана диний жактан маанилеш келген сөздү колдонуу (Таблица 1). Андан сырткары, алгачкы консультация менен диний башчылар адам укуктарынын баалуулуктары диний баяндарга бириктирүүгө бир ыңгайлуу учур түзүштү.

Натыйжада адам укуктарынын баалуулуктарын окуу программасына киргизүү, ар түрдүү деңгээлди формалдык жана формалдык эмес билим берүүдө, студенттери адам укуктары негизги принциптери менен таанышышып, өзгөчө эки координатты үйрөнүштү: Индонезия адам укуктары мыйзамы № 39, 1999, жана *Адам Укуктары Дүйнөлүк (Универсалдык) Декларациясы.* Өзгөчө, бул баалуулуктар башталгыч мектептерде, социалдык илимдер жана дин боюнча окуу программасына интеграцияланып, жарандык билим боюнча боюнча окуу программасын жана дин үчүн 7-9 класстын балдары үчүн дин, география, жана социология куррикулумдарына, жана университеттеги студенттердин жарандык билим боюнча курстарына. Андан сырткары, адам укуктары куррикулум университеттеги юридика факультетинин студенттери үчүн иштелип чыккан. **Баары биригип** Билим берүү Департаментинен **1,000 мугалим** жарандык билим боюнча окуудан өтүштү; алар адам укуктарынын баалуулуктары кантип интеграциялоо жөнүндө үйрөнүштү. Бул мугалимдерди ким окутту: бул чет өлкөдө жана башка семинарларда жарандык билим боюнча мугалимдердин окуп келген тренерлер окутушту. (мисалы 4, 5 жана 6 таблицадагы куррикулумдар) жергиликтүү деңгээлдеги тренерлер жана тренингдерди колдоо үчүн адам укугу боюнча 31 регионалдык комитеттер ачылды.

Ошол эле кезде, адам укуктары тренерлер үчүн көрсөтмө китептер чыгарылды (формалдык эмес сектор) жана ошондой эле бардык мугалимдер үчүн маалымат материалдар чыгарылды (башталгыч - орто, коомчулук жана жеке менчик мектептерде). Азыркы учурда, тактиканын таасири эми гана байкала баштады: коомчулуктун талкуусунда, маалымат каражаттарында — газеталарда — жана өзгөчө, коомдук пикир башчылары арасында. Биз бул тактика башчылардын бул традициялык баалуулуктарын, жана адам баалуулуктарын боюнча сезимталдыгын көтөрүп, жана алар азыр бул баалуулуктардын маанисин жакшы түшүнөт деп ишенебиз. Мисал үчүн, Индонезияда, бир нече диний башчылар телевизор жана радио шоуларга кожоюн болуп, философиядан баштап мыйзамга чейин, Исламдын төрт жагын талкуулайт. Бир белгилүү диний лидер жана телевизор кожоюну, А. Джим, ошондойдун бир мисалы. Ал радио жана телевизор станцияларынын ээси, видеокассета жана видеокомпакт дисктерди чыгарат, жана ал күнүмдүк телевизор жана радио эфирлерин алпарат, жана ошондой эле телефон чалган шоулорду уюштурат. Ал жалпы калк арасында аябай сүйүктүү адам. Акыркы эки жылдын ичинде, А. Димдин талкуусу өзгөрдү. Чынында эле, башкалар сыяктуу эле, ал азыр адам укуктарынын терминдерин колдонуп, жана Индонезия жана чет өлкөдөгү адамды кордоо учурларын сынга алат. Бирок А. Джим өзү Улуттук Иштөө Тобунда иштебесе да, анын уюмунун өкүлү NWGге жөнөтүлдү. Андан сырткары, анын маалыматы боюнча, адам укуктары Индонезияда жаңы климаты жаратты. Мисалы, ал Американын Иракка кол салуусунан мурда коомчулук адам укуктары түшүнүктөрүн талкуулаган. А. Джим, бир кичинекей баланы көтөрүп АКШ элчилигине чуркап барган. Ал АКШ өкмөтүнө Иракты кол салуусун токтотууну суранган. Ал мындай аялдар жана балдарды басып алуу, баарынан да, адам укуктарын кордоо болуп эсептелет деп түшүндүргөн. Бул адам чынында эле жаңы лексиканы жана мамиле-багыт киргизди. Ошондуктан, биз көрүп тургандай, адам укуктары түшүнүктөрү элге сиңип жатат жана алар алга жылдырган инсандар көбөйүүдө.

Бирок баалоого кыйын бир нерсе бар: адам укуктары боюнча окуу программасынын ар түрдүү деңгээлди студенттерге тийгизген таасири. Пикетке чыккандар студенттер, өзгөчө университет деңгээлдеги студенттер, адам укуктарын кордоо жөнүндө талкуулашат. Азыркы учурда, куррикулум ар түрдүү жаштагыларга лекция түрүндө берилет, окуу

материалдар жана ролго кирмей оюндар аркылуу берилет. Кээ бир эксперименттик жактары да бар; алар студенттерге бул түшүнүктөрдү алардын чыныгы жашоодогу кырдаалдарына кантип колдонууну үйрөтөт. Мисалы, алар адам укуктары даттануу кагаздарын каттап, жана Индонезияда кайсы өкмөт органдары кээ бир адам укуктарын бузуулардын үстүнөн иштейт – ошону изилдешет. Мисалы, полиция кордоо, дискриминация, үй-бүлөдөгү зомбулук, турак-жай же жер суроолору, ж.б.

КАНДАЙ САБАК АЛДЫК

Биз маданий жана диний баалуулуктарын окуу программасын чыгарууда коомдук пикир башчыларынын билимин колдондук. Ал процесс аркылуу биз эмнени тушүндүк: not only did биз алардын кеңештерин топтоп, окуу программасын иштеп чыгууда ал акыл сөздөрдү гана колонбостон, биз тренинг аркылуу үзгүлтүксүз дилаог түздүк. Алардын пикирлери бааланганда жана коомчулук анын артынан ээрчигенде, бул кошумча диалог жана тренинг иш чоң жана үзгүлтүксүз таасир тийгизмек. Улуттук Иштөө Тобу өз алдына улуттук деңгээлде, аябай амбициялуу тапшырма койду. Анан биз азыр Индонезиядагы коомдук пикир башчыларын окутуу- көп жылдар бою  туруктуу аракеттим талап кыларын дана түшүндүк.

Биз өзүбүздүн коомдук пикир башчылары колдонуу тактикабыз эффективдүү экенине дагы бир жолу ынандык. Чынында эле, адам укуктарынын баалуулуктарын билим берүү системасында аркылуу, Билим берүү жана Дин Департаменттери аркылуу  таратуу, Индонезия үчүн табигый жана нормалдуу нерсе болду. Анткени, бул мамиле-багыт алардын борборго багытталган билим берүү системасына дал келип, коомдук пикир башчылары түзмө-түз жардам берди, жана биздин максатка жетүүдө жакшы болду. Коомдук пикир башчыларына илимий адамдар да кирет (дин жана башка предметтер), коомчулук башчылар (формалдык же формалдык эмес, диний же башка), жана билим берүүдөгү жетекчилер, биз эл тараптан бизди колдоону күчөтүп, жалпыга адам укуктарынын баалуулуктары жөнүндө маалымат таратып, жана адам укуктары жөнүндө ушул топ менен диалог баштадык.

Биз андан башка эмнени түшүндүк: Көрсө, алгач пилот долбоорон башташ керек экен. Анткени, ошенткенде, каражаттарды, компетенцияны, жана бенефициарларды бир белгилүү жана чектелген чөлкөмгө (регионго) буруш керек экен. Мындай жол менен жергиликтүү деңгээлдеги коомдук пикир башчыларына жетүүгө жол ачылат экен. Мындай жол менен алар менен контакт кармап, алардын ойлорун, баалоолорун, кийинки тактиканы оңдоого колдонсо болот экен. Андан башка, алардын ойлорун өзүбүздүн максат - тапшырмаларга жетүүдө стратегияны жакшыртууга жардам берет экен.

Эми жасалган иштин таасирин, маанисин дагы  жогорулатыш үчүн, коомчулуктун, жеке адамдардын жана башчылардын арасында, about адам укуктары туурасында диалогду күчөтүш керек. Эң акырында, *Адам укуктары жөнүндө Эл аралык Декларацияны* жеке адамдын жана коомдун отросунданы көпүрө катары кабыл алуу – бул чоң маанидеги иш. Ал эми коом дегенде биз – кайсы улуттан же динден экенине карабастан, каалаган коомду айтып жатабыз.

БОЛУП ЖАТКАН КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР

NWG баштаган ишти андан ары улантыш үчүн, Индонезияда адам укуктары боюнча мугалимдер жана билим берүү системасында башка адистер учүн көбүрөөк маалымат китепчелерди жазып чыгарыш керек болчу. Адам укуктарынын баалуулуктарын жана терминологиясын да түшүнүктүү кылып окуу программасына киргизиш керек болчу. Чынында эле, дин боюнча окуу программасы көп ишти талап кылат. Биздин биринчи кадамдан кийин, анын ичинде адам укуктары боюнча маалыматты окуу программасына киргизгенден кийин, биз пикир жана диний башчылар менен мамиле түзүп, бул программанын андан ары жакшыртуу боюнча иштей алабыз. Дин мугалимдер адам укуктарынын баалуулуктары туурасында окуу программасын туура жана так түшүнүк алышы үчүн, ал баалуулуктарды түшүнүктүү, так кылып аныкташ керек. Ошондуктан, дин мугалимдерине андан ары жана узгүлтүксүз тренинг өткөрүп туруу керек.

Андан сырткары, студенттердин негизги компетенциялары так жазылып чыгыш керек. Индонезия үчүн, компетенцияга негизделген куррикулум жаңы нерсе болгондуктан, адам укуктарынын айланасындагы компетенциялар аябай конкретүү түрдө аныкталышы керек, жана анны окуган адам оңой түшүнгүдөй болуусу керек. (4- жана 5-таблицада куррикулумдун мисалдары бар). Кээ бир учурларда компетенциялар менен адам укуктары түшүнүктөрүнүн ортосунда окуу программасы боюнча дал келбестиктер болуп калат. Чынында эле, Адам укуктары Департаменти бул окуу программасын жазууга аябай аз убакыт берди. Бул процессте консультацияга катуу басым жасалды, бул албетте аябай керектүү жана чечүүчү ролду ойнойт; бирок, ошого жараша убакыт дагы керек болчу, анткени окуу программасынын мазмунун кайра бир сыйра карап чыгуу үчүн убакыт талап кылынды.

Каражат ченелүү болгондуктан, жана жаңы региондук автономиялык мандаты колдонуп, жергиликтүү байкоо комитеттери (анын ичинде коомчулук башчылар, диний же башкалар) билим берүү жана тренинг адам укуктары мугалимдерин алга жылдыруу үчүн жоопкерчиликти алпарып жатышат. Алдыда айтып кеткендей, бул комитеттер 2005-жылы гана түзүлгөн болчу, ошондуктан анын натыйжалары азырынча жок, жана анализденген эмес. Бул жөнүндө терең маалымат 2006-жылы топтолмок. Ал эми узак убакыттуу баалоо 2006-жылы аркылуу Жакартадагы Мамлекеттик Университетинин Окуу Департаментиен чыккан эскперттер өткөрүлмөк. Максат – бул жаңы боюнча окуу программасын аткаруунун таасирин баалап, окуу, мамиле жана жүрүш-туруш боюнча пункттарды карап чыгуу.

## ТАКТИКАНЫ БАШКА КЫРДААЛДАРГА КОЛДОНУУ БОЮНЧА РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР

Биздин NWGдеги тажрыйбанын негизинде, адам укуктарынын баалуулуктарын ийгиликтүү жайылтыш үчүн көп ар түрдүү диний башчылар менен кеңешүү- сүйлөшүүнү талап кылат жана диалогду ачык кармаш керек. Бул жерде зор чечүүчү фактор- бул адам укуктарын киргизүүдө өкмөттүн бардык адамдарынын активдүү катышуусу. Ошондуктан, социализация процессинде ар түрдүү өкмөт бутактарынын ортосунда үзгүлтүксүз маалымат агым жана координация кармап туруш керек.

Биздин билим берүүдөгү бул тактика окуу программасын жана окуу китептери жазуу боюнча адамдарды даярдоону талап кылат, анткени бул инструменттер маалымат катары колдонулат. Бул бизге башкалар эстеп жүрө турган, өнүгүүдө аябай маанилүү нерсе. Ошону менен бирге, күчтүү маалымат кампаниясы (телевизор, радио, газеталар)

маданий/диний баалуулуктарын жана адам укуктарынын ортосунда байланышты кармаганга эффективдүү болмок.

Биздин тапшырма – бул салттар, дин жана адам укуктары жөнүндө жалпы калктын ичинде талкуу жаратуу. Биз, маалымат каражаттарын мындай жол менен колдонгон жокпуз, бирок бул жөнүндө ойлонуп коюш керек. Пикир башчылар бардык деңгээлде, анын ичинде  иштөө тобуна киргизилиши керек, аткаруудан аяктоого чейин. Алар түйүн аркылуу байланышта туруш керек, ошондо өздөрүнүн коомчулукка адам укуктарын киргизүүдогү ийгилик же аракеттерин салышытырып, талкуулай алышат.

Андан ары, көп маданияттык, көп улуттуу жана ар турдүү диндеги жергиликтүү адам укуктары жөнүндө комитеттер түзүүгө шарт түзсө, бул андан аркы туруктуулукту түзөт. Бул иш Индонезияда бул ишти көп улуттуу жана ар турдүү диндеги, адам укуктары менен иштеген НПОлор аркылуу ишке ашты. Чынында эле, ушундай түрдүу тектеги топту түзсө, аларды талкуулоого шарт түзсө, бул Индонезияда адам укуктарын сактаганга жардам бермек, жана башкалар да мунун эске алып койсо пайдалуу болот.

Мындай тактиканы колдоноордон мурда, бир нече факторлорду эске алуу керек. Биринчиден, ал жердеги социалдык контекстти анализдеш керек. Пикир башчыларын тактап алуу керек. Андан сырткары, бул жерде адам укуктары менен жергиликтүү элдердин муктаждыктарын эске алуу керек. Алардын башчыларына конкреттүү түрдө, адам укуктарынын аларга түзмө-түз байланышы бар экенин түшүндүрүү керек. Эң акырында, өкмөттүн ар түрдүү бутактарында иштеген кызматкерлердин ачыктыгын, чын дилинен чогуу иштегиси келгенин баалап, анализдеп, өнүктүрүп, жана бекемдеш керек.

## ТАКТИКАНЫН ЧЕКТЕРИ

Мурда айтылып өткөндөй эле, бул тактиканын чеги бар. Чынында эле, өкмөттөгү тиешелүү саясий ыктыярдуулугу жана атмосфера Индонезияда колдонулган тактикага дагы ийгилик  кошту. Бирок биздин бакытка, бул фактор азыркы учурда Индонезияда бар, жана программаны аткарууга жакшы шарт түзөт. Башкалар, өкмөттүн колдоосу жок туруп иш алып бару кыйын деши мүмкүн, же өкмөт адам укуктары баалуулуктарын киргизүүгө активдүү каршылык көргөзүшү мүмкүн.

Андан сырткары, бул тактика жалпы куррикулумду кеңири колдонот, жана Индонезиянын борборго багытталган билим берүү системасынан зор пайда жасайт. Натыйжада, куррикулум өкмөттүк жана жеке менчик билим берүү системасында аткарылат. Бул централизация Индонезия үчүн аябай жакшы нерсе, бирок башка өлкөлөрдө мындай система док болушу мүмкүн; Аларда ар бир окуу жайы өзү жекече куррикулум иштеп чыгып, аны өзү гана аткарышы мүмкүн. Биздин тактика андан башка эмнеге негизделет? Ал көпчүлүк элдин пикир жана диний башчыларга карата сыйлоосуна карайт. Эң акырында, жетишпегендиктердин арасында, ар түрдүү калкы бар өлкөлөрдө (маданият жактан, улуттук, же диний жактан) мындай ишти аткаруу кыйыныраак болушу мүмкүн.

Алдыда айтылып өткөндөй, бул тактиканын бир түрү Индонезияда мурда колдонулган болчу: үй-бүлөнү пландаштыруу боюнча. Ал кезде, диний башчылар өлкө боюнча ишке тартылып, алар коомчулук мүчөлөрү менен Мусулмандар үчүн үй-бүлөнү пландаштырууну талкуулашткан.  Бул жакшы натыйжа алып келди, анткени азыр көп

Индонезиялыктар контрацепцияны билишет жана эркин колдонушат. Алар мунун пайдасыны ишенишет, жана өз дын үй-бүлөлөрүнүн коопсуздугу үчүн кам көрүшөт. Ошол эле убакта,  бул тактикага бир нерсе коштук: жергиликтүү өкмөт өкүлдөрү жана өкмөт кызматкерлерине, үй-бүлөнү пландаштыруу квоталарын аткаргандыгы үчүн, финансылык сыйлык камсыз кылынды. Эми  жаңы, азыраак авторитардык өкмөттө, жана сөз эркиндигин азыр Индонезияда мүмкүн болуп калгандыктан, Индонезиялыктар арасында, жаңы түшүнүктөр жана жан жашоо стилдери кабыл алууда коркунуч сезими көп деле жок.

Натыйжада, бул үй-бүлөнү пландаштыруу саясаттары тажрыйбасы менен, NWG адам укуктары социализациялоо процессинде зор өзгөрүүлөрдү киргизди. Диний башчыларды ишке алынган жок, бирок алар бул процессте жана программаны аткарууда аябай катышышты. Ислам мектептеринде көп мугалимдер эки ролду ойнойт: диний башчылар катары мечиттерде жана маанилүү диний талкуу топторуларды регулярдуу өткөрүп, ошол эле кезде, программаны ийгиликтүү аткарууга жардам берди. Бирок, алар өкмөттүн астында иштешпейт, ошондуктан кызыкчылыктардын конфликти жок, жана аларга калк ишенет.

Бул тактика башка кырдаалдар үчүн колдонууга аябай зор тиешеси бар. Чынында эле, бул жерде бир нерсе айкын: жеке адамдарга маалымат качан сиңимдүү болот? Ал жаңы түшүнүктөр бир гана эл ишенген коомдук пикир башчылары аркылуу сиңет, анткени ал адамдар элдин баалуулуктарын, маданиятын, жана кызыкчылыктарын билет. Индонезиянын контекстиндеги конкретүү факт – бул калкы көбүнчө диний жактан бир өңчөй калк экендиги. Бирок, дагы бир айтып кетчү нерсе: Индонезиянын мусулмандарынын арасында дагеле кеңири тараган пикирлер жана практика бар. Индонезия калкы көбүнчө, кылымдар бою келаткан каада-салттарга таянат, жана башчылар да ал салттарга бекем ишенет. Бул башка өлкөлөрдө деле ошондой, жана дүйнөдөгү башка элдерге окшош.

Бул тактиканын маанисин жана күчүн өздөштүрүү үчүн, ошол өлкөнүн саясий жана өзгөчө социалдык-диний жагын түшүнүп, негизги фаткорлорду түшүнүш керек. Ошондуктан, эске алчу дагы бир нерсе, бул – көп менен бекем байланышкан, ошондуктан ал жерде формалдык жана формалдык эмес пикир жана диний башчылар күнүмдүк жашоодогу иш-аракеттерде аябай активдүү ролду ойношот.  Коомчулу үчүн ал башчылардын пикирлери, колдоосу, жана жол көрсөтмөсү чечүчү ролду ойнойт.  Башка өлкөлөрдө,  көп улуттуу жана ар турдүү диндеги, узак убакыт бою, ич ара согуш жана конфликттерге дуушар болгон өлкөлөрдө мындай эмес болушу мүмкүн. Андай болсо, ал өлкөлөрдө пикир жана диний башчыларды табу кыйынга турат, анткени саястака катышпаган , конфликтке аралашпаган адамдарды табуу дээрлик мүмкүн эмес. Ошол эле убакта, коомчулук жалпысынан, өз башчылары туура деп көргөн ойлорду кабыл алышат. Бирок мындай башчыларды табуу да зор убакыт жана сураштурууну талап кылат.

NWG жана коомчулук жана диний башчылар менен бекем жана үзгүлтүксүз шериктештикте адам укуктарынын баалуулуктарын Индонезиянын улуттук куррикулумуна бириктире алды. Бул шериктештик ишти жеңилдетип, жалпы коомго адам укуктары баалуулуктарын жаюуда конкреттүү социализацияны  камсыз кылды. Коомчулук жана диний башчылар чет өлкөдө жана өлкө ичинде окуудан өткөндүктөн,

алар адам укуктары баалуулуктары жөнүндө кененирээк перспективада болушуп, жана өз коомундагы адамдаргы жакшыраак ушул билимди төкпөй-чачпай, тыкан кылып жеткирип бергенге даяр болушту. Бул башчылардын колдоосун алууда ушундай мамиле-багыт эң эффективдүү болуп табылды.

## ЖЫЙЫНТЫК

Бул тактиканы колдонгусу келген башкалар ага тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизип, төмөнкү нерселерди эске алышы керек: ошол коомдун жашоосун, жеке менчик окутуу системасын жана институттарын, өкмөттүн колдоосун, же жол тосууларын, жергиликтүү баалуулуктарды жана ишенимдерди түшүнүп, бул процесске пикир жана диний башчыларды аралаштыруунун пайдасы жана коркунучтуу жактарын ойлонуштурушу керек.

Эң акырында, мен, биздин адам укуктарын социализация программасына киргизүү мисалыбыз, аны Индонезия конкретүү саясий, маданий жана диний контекстине ылайыкташтырганыбыз башкаларга адам укуктары окутууда жакшы стратегияларга пикир берди деп ойлойм. Биз үчүн, адам укуктары формалдык жана формалдык эмес окутуу системасында пикир жана диний башчылардын колдоосун жана таасирин жакшы мүмкүнчүлүк берди. Бул метод адам укуктарын жергиликтүү баалуулуктар менен кабыл алымдуу, жана үндөш кылды. Ошондуктан, бул мисал мугалимдерге да, студенттерге да, алардын күнүмдүк муктаждыктарына түшүнүктүү жана мааниси бар болот деп ишенебиз.